
ПАБАЙ ЖАНА ПАУЛ АГАЛАР

# АТА-БАБАЛАРЫНЫН ЖЕРЛЕРИН САКТАП КАЛУУ ҮЧҮН КҮРӨШҮҮДӨ

Австралия

КАТ ЖӨНӨТҮП ӨЗГӨРТҮҮ
КИРГИЗ
AMNESTY INTERNATIONAL



КАТ ЖӨНӨТҮП ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

## УКУКТАР ҮЧҮН КАТ ЖАЗУУ

# 20 ЖЫЛДАН АШУУН ЖАЗЫЛЫП, КЫЙЛА ӨМҮР ӨЗГӨРТКӨН КАТТАР

Кимдир-бирөөгө колдоо көрсөтүү үчүн бир аз гана адам бириксе, натыйжалар сонун болушу мүмкүн.

Мындан 20 жыл мурун Польшада активисттердин чакан тобу 24 сааттык кат жазуу марафонун өткөрүшкөн. Кийинки жылдарда бул идея кеңири жайылган. Бүгүнкү күндө “Кат жазуу марафону” – адам укуктары жаатында дүйнөдөгү эң ири иш-чарага айланды .

2001 -жылы 2,326 кат жазылса, 2022-жылы алардын саны 5,3 млн катка жеткен. Адамдар тилектештик көрсөтүүгө географиялык чек-аралар тоскоол эмес деген идеянын артында биригишип, твиттерди жазып, петицияларга кол коюп жана башка иш-чаралардын алкагында сөздүн күчүн колдонуп келишет. Алар бир нече жылдар бою 100дөн ашуун адамдын жашоосун өзгөртүүгө жардам берип,биргеликте аларды кыйноолордон, куугунтуктардан же адилетсиз камоолордон бошоткон.

Быйылкы өнөктүктө дагы дүйнөнүн ар тарабынан укуктары бузулган адамдарга колдоо көрсөтүлөт. Алардын арасында бийликтегилер, башкалары күч органдары, ал тургай чоң корпорациялар тарабынан да укуктары бузулгандар бар. Алар ким экенине байланыштуу же жөн гана өз укуктарын колдонгону үчүн куугунтукталгандар. Бирок биз барыбыз биргелешип алардын укуктары үчүн күрөшө алабыз. “Кат жазуу марафону” аркылуу алар бардык дүйнө жүзүндөгү миңдеген адамдардан атайын тилектештик каттарын ала алышат. Укуктары бузулган адамдар жана алардын үй-бүлөлөрү, жашоосундагы жагдайлар коомчулуктун назарында экенин жана алар унутта калбаганын билишет. Ал эми бийликтегилерге түздөн-түз кат жазып, адилеттүүлүктү орнотуу үчүн тез арада чара көрүүнү талап кылуу менен биз адилеттүү жана бирдей дүйнө түзө алабыз.

Кат жазуу аракеттери менен бирге, Amnesty International иш алып барган өлкөлөрдө чечим кабыл алган, бир нерсе өзгөртө алган адамдарга – саясатчыларга да кайрылат. “Кат жазуу марафону” ошондой эле, адилетсиздикти коомдук иш-чаралар аркылуу көрсөтүп, социалдык тармактарда эл аралык коомчулуктун көңүлүн бурат.

Мурдагы жылдары кат жазуу өнөктүгүнө катышкандар көптөгөн адамдар аларды колдоп жатканын түшүнүп, каттардын таасири аларга дем-күч бергенин билдиришкен.

Көбүнесе, кат жазуунун натыйжасында укугу бузулган адамдарга жана топторго карата өлкөдө бийликтегилердин мамилеси байкаларлык өзгөрөт. Айыптар алынып, адамдар камактан бошотулушу мүмкүн. Адамдарга гумандуу мамиле жасалып, адилетсиздикке каршы жаңы мыйзамдар же жоболор киргизилет.

*“Чын жүрөктөн айтам, бул өнөктүк менин жашоомду сактап калды, мени алардан тирүү алып калды, анткени артында кимдер бар экенин түшүнүшөт”*

**-Яни Силва,**
**айлана-чөйрөнү коргоочу активист, 2021-жыл**

## БАШТАЛГАНГА ЧЕЙИН

**Адам укуктары боюнча билим берүү иш-чарасын** ар кандай онлайн же оффлайн форматта, мисалы, мектепте, жамааттык топто, үй -бүлөдө же активисттик топтордун арасында өткөрүүгө болот. Фасилитатор катары бул иш-чараны алып барып жаткан кезде аны контекстке жана топтун ыңгайына жараша ылайыкташтыра аласыз. Мисалы, талкуулана турган маселелер боюнча катышуучулардын буга чейин кандай маалыматы бар экенин, алардын санын жана иш-чарага жигердүү катышууга мүмкүнчүлүк бере турган көнүгүүлөрдү кантип мыкты уюштурууну, техникалык шарттарын (онлайн же оффлайн түрдөбү), жана башка кандай чектөөлөр бар экенин карап чыксаңыз болот. Катышуучулар кандайдыр бир иш боюнча аракет көрүүнү каалаcа, бул алар үчүн коопсузбу сүйлөшүп көрүңүз.

Иш-чарадагы бардык көнүгүүлөр **биргелешкен окутуу ыкмаларына** негизделген. Анда катышуучуларга жөн гана маалымат берилбейт; алар кейстерге байланыштуу маселелерге суроо салышат, изилдешет, талдашат жана талкуулашат. Мындай ыкма аркылуу катышуучулар:

Негизги компетенттүүлүктөрүн жана жөндөмдөрүн **АРТТЫРАТ**

Суроолорду берет жана айтылган маселелерди тереңирээк түшүнүп, өз ой-пикирлерин **КАЛЫПТАНДЫРАТ**

Кызыкчылыктарына, жөндөмдөрүнө жана тынчсызданууларына жараша талкууларды жасап, үйрөнгөн нерсесин **БАШКАРА АЛАТ**

Өз-ара эмоционалдуу иштешүү жана жүрүм-турумдарын өнүктүрүү үчүн керек болгон **МЕЙКИНДИКТИ ТАБАТ**



*“Кат жазуу марафону” иш чарасы - Антверпен, Бельгия, 2022 ж.*

Биз укуктары үчүн күрөшүп жаткан адамдар жөнүндө окуңуз: amnesty.org/writeforrights (англис тилинде)

Өлкөңүздөгү Amnesty командасы менен байланышыңыз: amnesty.org/countries (англис тилинде)

**#W4R23** хэштегин колдонуп @Amnesty атына колдоо твитин жөнөтүңүз

Эгер сиз биргелешкен окутуу ыкмалары менен тааныш эмес болсоңуз, баштоодон мурда Amnesty International **Фасилитациялык колдонмосун** карап чыгыңыз: amnesty.org/en/documents/ACT35/020/2011/en/ (англис тилинде)

Amnesty International адам укуктары боюнча онлайн курстарды, анын ичинде **“Кат жазуу марафону” өнөктүгүн** тааныштырган укук коргоочуларга арналган кыска курсту сунуштайт; academy.amnesty.org/learn

КАТ ЖӨНӨТҮП ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

# СӨЗДҮН КҮЧҮ БАР

## АКТИВИСТТЕР АКТАЛЫП ЧЫКТЫ

2020-жылдын май айында бийликке каршы наразылык акциясын баштап чыккандан кийин Сесилия Чимбири, Жоана Мамомбе жана Нетсай Марова камакка алынып, полиция бөлүмүнө жеткирилип, мамлекеттик номуру жок унаага күч менен отургузулуп, Зимбабвенин Хараре шаарынан сыртка чыгарылып кеткен. Андан соң аларды уруп-сабап, кыйноого алып, жол жээгине таштап кетишкен. Ооруканага жаткырылгандан кийин, наразылык акциясына байланыштуу кыз-келиндерге карата кылмыш иштери козголгон. Кийинчерээк башына түшкөн оор сыноону билдиргендери үчүн, аларга жалган маалымат тараткан жана сот адилеттигине тоскоолдук кылган деген кошумча айыптар тагылган. Нетсай кол салуудан кийин Зимбабведен качып кеткен. “Кат жазуу марафону - 2022” өнөктүгүнө катышкандан кийин, алардын укуктарын коргоого жарым миллиондон ашык иш-аракеттер жасалып, Сесилия менен Жоана 2023-жылдын 4-июлунда Жогорку Сот тарабынан акталган.



© Amnesty International/ Vongai Chikwanda/ Kuvaniah Moodley



## ӨЛҮМ ЖАЗАСЫНАН БОШОТУЛДУ

Түштүк Судандык Магай Матиоп Нгонг 2017-жылдын 14-ноябрында киши өлтүрүүгө айыпталып, өлүм жазасына тартылган кезде мектеп окуучусу болчу. Магай судьяга өлүм кокустук экенин айтып, ал кезде болгону 15 жашта экенин билдирген. Бирок буга карабастан Магайга жактоочу берилген эмес жана ал киши өлтүрүү боюнча сотко тартылган. “Кат жазуу марафону - 2019” учурунда Магайга арналган 700,000ден ашуун иш-чаралар өткөрүлгөн. 2022-жылдын мартында Жогорку сот Магай окуя учурунда өспүрүм жашта экенин эске алып, аны бошотууга макул болгон. Магай азыр өлкөсүнөн аман-эсен чыгып кеткен жана ага окшош тагдырга туш болгон адамдарга жардам берүүгө чын дилден даяр.

## УКУК КОРГООЧУ ЭРКИНДИККЕ ЧЫКТЫ

Мугалим жана ата Бернардо Кааль Соль Гватемаланын түндүгүндөгү Кахабон дарыясындагы гидроэлектростанциялардан жапа чеккен жамааттарды коргоо үчүн талыкпаган иштерди жүргүзгөн. Ал 2018-жылдын ноябрында бурмаланган айыптар менен жети жылдан ашык мөөнөткө эркинен ажыратылып, анын адам укуктарын коргоо иштерине чектөө коюлган. 2021- жылы “Кат жазуу марафону” өнөктүгү учурунда Бернардого үч жарым миллиондон ашык иш-аракеттер жасалып, ал 2022-жылдын март айында түрмөдөн бошотулган.



© Simone Dalmasso

КАТ ЖӨНӨТҮП ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

# АДАМ УКУКТАРЫ ТУУРАЛУУ

Адам укуктары - бул ар бирибизге таандык негизги эркиндиктер менен коргоолор. Алар жашына, улутуна, жынысына, расасына, ишенимдерине жана жеке багыттарына карабастан кадыр-барктын, тең укуктуулуктун жана өз ара урматтоонун принциптерине таянат.

Сиздин укуктарыңыз - алардын сакталышы, башкаларга адилеттүүлүк менен мамиле кылуу жана өзүңүздүн жашооңузду тандоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу. Негизги адам укуктары универсалдуу – алар баарыбызга таандык; дүйнөдөгү бардык адамдар аларга ээлик кылат. Алар ажыратылгыс – аларды бизден тартып алуу мүмкүн эмес. Ошондой эле, алар бөлүнгүс жана бири-бирине көз каранды. Алардын бардыгы бирдей маанигe ээ жана өз ара тыгыз байланышта.

Экинчи Дүйнөлүк Согуш учурунда жасалган мыкаачылыктардан кийин Адам укуктарынын жалпы декларациясы кабыл алынгандан баштап, адам укуктары боюнча эл аралык документтер бүткүл дүйнөдөгү адамдардын жашоосун жакшыртуу үчүн иштелип чыккан улуттук, аймактык жана эл аралык мыйзамдардын бекем пайдубалын түзөт. Адам укуктары бийликтегилерге мыйзамдар катары көрүлүшү мүмкүн. Алар бийликтегилер жана өкмөт мүчөлөрү үчүн алардын юрисдикциясындагы, ошондой эле чет өлкөдөгү адамдардын укуктарын урматтоо, коргоо жана аткаруу боюнча милдеттенмелерди жаратат.

Адам укуктары практикалык мүмкүнчүлүктөр болгондо гана орундатыла турган жыргалчылыктар эмес.


© Amnesty International Togo

“Кат жазуу марафону” иш чарасы - Ломе, Того, 2022 ж.


THE UNIVERSAL DECLARATION of Human Rights

UNITED NATIONS



© UN Photo

## АДАМ УКУКТАРЫНЫН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ (АУЖД)

АУЖД – Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки жылдарда жаңыдан түзүлгөн Бириккен Улуттар Уюму тарабынан иштелип чыккан. 1948-жылдын 10-декабрында кабыл алынган күндөн бери ал адам укуктары боюнча эл аралык системанын негизин түзөт . Дүйнөнүн ар бир өлкөсү бул документтин 30 беренесинде айтылган жалпы принциптерге баш ийе турганына макулдук берген.

АУЖД - бул декларация. Дүйнө жүзү боюнча бийлик тарабынан адамдардарга мамиле кылууда белгилүү стандарттарга баш ийүү ниетинин декларациясы. Адам укуктары эл аралык мыйзамдын бир бөлүгү болуп калды: АУЖД кабыл алынгандан бери анын принциптеринин негизинде көптөгөн башка милдеттүү мыйзамдар жана макулдашуулар түзүлдү. Дал ушул мыйзамдар жана макулдашуулар Amnesty International сыяктуу уюмдарга, бийликтегилерди “Кат Жазуу Марафону” кейстеринде баса белгилегенген мыйзамсыз жүрүм-турумдарынан же терс мамилесинен баш тартууга чакырууга негиз болот.

# АДАМ УКУКТАРЫНЫН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ

| | | |
|---|---|---|
|  **ЖАРАНДЫК УКУКТАР ЖАНА ЭРКИНДИКТЕР** Жашоо укугу, кыйноодон жана кулчулуктан эркиндик, дискриминацияга жол бербөө укугу. | **1-берене** | Өз беделинде жана укуктарда эркиндик жана теңдик |
| | **2-берене** | Дискриминацияга жол бербөө |
| | **3-берене** | Адамдын жашоо, эркиндик жана коопсуздук укугу |
| | **4-берене** | Кулчулуктан боштондук |
| | **5-берене** | Кыйноолордон эркиндик |
|  **ЮРИДИКАЛЫК УКУКТАР** Күнөөсүз деп саналуу укугу, акыйкат сот талап кылуу, негизсиз кармап кетүүдөн же мыйзамсыз кармоодон бошотуу укугу. | **6-берене** | Бардык адамдар мыйзам менен корголот |
| | **7-берене** | Мыйзам алдында бардыгы бирдей |
| | **8-берене** | Мыйзам тарабынан белгиленген негизги укуктары бузулган кезде аларды калыбына келтирүү талаптары |
| | **9-берене** | Эч ким мыйзамсыз кармалууга, камалууга, же куугунтукталууга тийиш эмес |
| | **10-берене** | Акыйкат сот жараянын талап кылуу |
| | **11-берене** | Күнөөсү тастыкталганга чейин күнөөсүз деп саналуу |
| | **14-берене** | Куугунтукка алынганда чет өлкөдөн баш калкалоо чарасын издөө укугу |
|  **СОЦИАЛДЫК УКУКТАР** Билим алуу укугу, үй-бүлөө куруу жана улантуу, эс алуу жана ден-соолукка кам көрүү укугу. | **12-берене** | Үй-бүлөөлүк жеке турмушуна кийлигишпөө жана жеке турак-жайынын кол тийбестигин коргоо укугу |
| | **13-берене** | Эркин жашоо жана мамлекеттер арасында эркин саякаттоо укугу |
| | **16-берене** | Никеге туруу жана үй -бүлөлүк турмушун баштоо укугу |
| | **24-берене** | Эс алуу жана бош убактысын пайдалануу укугу |
| | **26-берене** | Билим алуу укугу жана башталгыч билим акысыз болууга тийиш |
|  **ЭКОНОМИКАЛЫК УКУКТАР** Турак-жайга ээ болуу, иштөө, пенсияга чыгуу жана татыктуу турмуштук стандартта жашоо укугу. | **15-берене** | Жарандыкка ээ болуу укугу |
| | **17-берене** | Жеке турак жайга жана мүлккө ээ болуу укугу |
| | **22-берене** | Социалдык жактан камсыз болуу укугу |
| | **23-берене** | Адилеттүү эмгек акыга иштөө жана кесипчилик союздарга кирүү укугу |
| | **25-берене** | Ден соолук жана жыргалчылыгына кам көрүү үчүн адекваттуу турмушта жашоо укугу |
|  **САЯСИЙ УКУКТАР** Өлкөнү башкарууга катышуу, добуш берүү, тынч чогулуштарды өткөрүү, сөз эркиндиги, дин жана ишеним укуктары. | **18-берене** | Ишеним жана дин эркиндиги укугу |
| | **19-берене** | Сөз эркиндиги жана маалыматты жайылтуу укугу |
| | **20-берене** | Тынч чогулуштарга катышуу жана ассоциацияларга кирүү эркиндиктери |
| | **21-берене** | Өз өлкөнү башкарууга катышуу укугу |
|  **МАДАНИЙ ЖАНА ТИЛЕКТЕШТИК УКУКТАРЫ** Коомчулуктун маданий турмушуна катышуу укугу. | **27-берене** | Өз коомчулугуңуздун маданий жашоосуна катышуу укугу |
| | **28-берене** | Бардык укуктар толугу менен ишке ашырылышы мүмкүн болгон эл аралык тартипке болгон укук |
| | **29-берене** | Башкалардын укуктарын сыйлоо жоопкерчилиги |
| | **30-берене** | Бул укуктардын бирин дагы тартып алууга тыюу салынат! |

КАТ ЖӨНӨТҮП ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

# ИШ-ЧАРА
# КЛИМАТТЫК АДИЛЕТТҮҮЛҮК

### НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР

- Түпкүлүктүү элдин укуктары
- Климаттык адилеттүүлүк
- Жашоого, ден-соолукка, турак-жайга, сууга жана тамак-ашка болгон укуктар
- Маданий укуктар

### ИШ- ЧАРА ТУУРАЛУУ

Катышуучулар Австралиянын Торрес кысыгындагы аралдардын жашоочуларынын лидерлери Пабай жана Поул агалардын чыныгы жашоосу менен таанышышат. Алар климаттык өзгөрүү аралдардын тургундарына, жашоо-тиричилигине, маданиятына тийгизген терс таасирине жана Австралия өкмөтүнүн парник газдарынын эмиссиясын азайта албаганына каршы күрөшүп жатышат. Иш-чаранын алкагында катышуучуларга Австралиянын өкмөтүн адам укуктарына адекваттуу жана шайкеш келген климаттык чараларды көрүүгө чакырган жана Пабай менен Поул агаларга тилектештик билдирген каттарды жазуу сунушталат.

### ЖАШЫ: 14+

### КЕРЕКТҮҮ УБАКЫТ

60 мүнөт. “Аракет көрүү” бөлүмү үчүн сизге кошумча убакыт керек болушу мүмкүн.

### ИШ-ЧАРАНЫН НАТЫЙЖАЛАРЫ

Катышуучулар:

- Климаттык өзгөрүүнүн адам укуктарына тийгизген таасирлерин **изилдешет.**
- Климаттык өзгөрүүнүн глобалдык кризис экенин, бирок анын таасирлери баарына бирдей эместигин **түшүнөт.**
- “Климаттык адилеттүүлүк” үчүн күрөштө маданий өзгөчөлүк жана түпкүлүктүү эл баштаган кыймылдардын маанилүүлүгүн **таанышат**.
- Amnesty International уюмунун “Каттар марафону” өнөктүгү жөнүндө **билет**.
- Пабай жана Поул агаларды колдогон жана аларга тилектештик көрсөткөн каттарды **жазат**.

### МАТЕРИАЛДАР

- **МАТЕРИАЛДАР** (12-бет)
- **Колдонмо: Австралиянын Түпкүлүктүү Элдери** (13-14-беттер)
- **Колдонмо: Пабай жана Поул агалардын окуясы** (15-бет)
- Сүрөт оюну үчүн **доска же чоң кагаз**
- **Кагаз жана түстүү калемдер**
- **Калем, кагаз, жана конверттер** (эгер кат жөнөтө турган болсоңуз)
- Кошумча материал: Пабай жана Поул агалардын видеосун бул жерден көрө аласыз: amnesty.org/w4r-videos
- Кошумча материал: Каттардын үлгүлөрүн бул жерден караңыз: eurasia.amnesty.org/marafon-pisem

### ДАЯРДАНУУ

- Керектүү материалдар (13-14-беттер) жана Пабай менен Поул агалардын окуясы менен (15-бет) иш-чарага чейин таанышып чыгыңыз.)
- Сүрөтү бар оюн карталарынын (12-бет) нускасын принтерден чыгарып, аларды кесип даярдап алыңыз.
- Бардык башка колдонмолордун нускаларын принтерден чыгарыңыз
- Кошумча: Адам укуктарынын жалпы декларациясынын (АУЖД) жөнөкөйлөштүргөн нускасын да чыгарып алсаңыз болот (5-бет)

### КОШУМЧА МААЛЫМАТ

- Климаттык адилеттүүлүк, Пабай жана Поул агалар боюнча көбүрөөк маалымат алуу үчүн бул шилтемени басыңыз: amnesty.org.au/climate-justice-hre-resources/
- Климаттык өзгөрүүлөр жана адам укуктары боюнча көбүрөөк маалымат алуу үчүн бул шилтемени басыңыз: eurasia.amnesty.org/chto-my-delaem/izmenenie-klimata
- Түпкүлүктүү элдердин укуктары боюнча көбүрөөк маалымат үчүн бул шилтемени басыңыз: amnesty.org/en/what-we-do/indigenous-peoples/
- “Каттар марафону” боюнча 20 мүнөттүк курска катталуу үчүн бул шилтемени басыңыз: academy.amnesty.org/learn/course/151/marafon-pisem

### АЛДЫН АЛУУ ЧАРАЛАРЫ

Аталган иш-чара учурда глобалдык жашоого жана маданияттарга терең таасирин тийгизип жаткан климаттык өзгөрүүлөр боюнча маселелерди талкуулайт. Иш-чаранын жүрүшүндө жалпы адамзаттын келечегине коркунуч туудурган тынчсызданууларга көңүл бурулат, андыктан фасилитаторлор ар кандай эмоционалдык аракеттерди кылдат башкарууга даяр болушу керек. Туруктуулукту жана баамдап, түшүнүгүн бекемдөө үчүн фасилитаторлор ачык диалогду кубаттаган жана катышуучуларга ишеним тартуулаган ыңгайлуу чөйрөнү түзүүгө тийиш. Фасилитаторлор бул глобалдык маселе боюнча катышуучулардын толук кандуу маалыматка ээ болуусун камсыздоодо, аларды колдоп, климаттык көйгөйлөрдү чечүүгө салым кошууга шыктандырууда чечүүчү ролду ойношот.

## 1. КИРИШҮҮ: КЛИМАТТЫК ӨЗГӨРҮҮ

20 МҮНӨТ

Климаттык өзгөрүүнүн ар кандай кесепеттерин чагылдырган сүрөттөрдү даярдаңыз же 12-беттеги “Сүрөтү бар оюн карталарын” принтерден чыгарып/көчүрүп, аларды туура өлчөмдө кесип алыңыз. Катышуучуларды эки командага бөлүңүз. Командаларга климаттык өзгөрүүнүн айланасында сүрөттөрдү тартып жана алардын маанилерин табуу же жакындаштыруу оюнун ойной тургандарын түшүндүрүңүз. Ар бир раундда, мисалы, А командасынын жаңы оюнчусу бир сүрөттү тандап, концепцияны доскага же чоң баракка тартат, ал эми команданын калган мүчөлөрү андагы климаттык өзгөрүүнүн таасирин табууга аракет кылышат. Ар бир раунд бир мүнөт менен чектелет, ал эми сүрөт тартып жаткан оюнчуга тамгаларды же сөздөрдү колдонууга уруксат берилбейт. А командасынын кезеги бүткөндөн кийин В командасы сүрөт тарткан оюнчусун тандайт жана калган команда мүчөлөрү тартылган сүрөттөрдүн маанисин таап баштшат.

Оюнду бир нече ирет кайталаңыз. Белгиленген убакыттын ичинде эң көп туура жоопторду айткан команда жеңишке ээ болот.

Эгерде катышуучулар адам укуктары темасы менен мурда тааныш эмес болсо, анда 4-беттеги маалыматты колдонуп, аларды түшүндүрүп берүү менен талкууну баштаңыз. Ушундай эле климаттык өзгөрүү темасы менен биринчи жолу таанышып жаткан катышуучулар үчүн бул боюнча негизги түшүнүктөрдү камсыздаңыз.

Сүрөт оюнунан кийин катышуучуларды чогултуп, климаттык өзгөрүүнүн таасирлеринин адам укуктары менен кандай байланыштары бар экендиги боюнча талкууну баштаңыз. Мисалы: Кардын жана муздардын эриши, жогорку температура жана деңиз деңгээлинин көтөрүлүшү суу ресурстарынын жеткиликтүүлүгүнө жана сапатына таасирин тийгизет. Талкууну алып баруу үчүн төмөндөгү айрым кеңештерди колдонсоңуз болот. Кааласаңыз, ар бир катышуучу үчүн АУЖДнын жөнөкөйлөштүрүлгөн көчүрмөсүн принтерден чыгарып алыңыз (5-бет).

**Мөңгүлөрдүн ээриши: Кар менен муздардын эриши Арктика аймактарынын Түпкүлүктүү элдеринин укуктарына кандай таасир этет?**
*Ыктымал жооп: Алардын маданий укуктарына коркунуч туулат, анткени алардын муз чөйрөсүнөн басымдуу түрдө көз каранды жашоо образы бузулат.*

**Деңиз деңгээлинин көтөрүлүшү: Деңиз деңгээлинин көтөрүлүшү адам укуктарына кандай таасир этет?**
*Ыктымал жооп: Бул бейпил жана коопсуз турак жайга болгон укуктарды бузуп, адамдардын жер которуусуна алып келиши мүмкүн.*

**Токой өрттөрү: Токой өрттөрү менен адам укуктарынын ортосунда кандай байланыш бар?**
*Ыктымал жооп: Токой өрттөрү үйлөрдү жана жашоо-тиричилик каражаттарын кыйратууга учуратып, татыктуу жашоо деңгээлине болгон укукка таасирин тийгизет.*

**Кургакчылык: Кургакчылык адам укуктарына кандай таасир этет?**
*Ыктымал жооп: Кургакчылык тамак-аш жана сууга болгон укукка коркунуч келтирип, азык-түлүк менен суунун жетишсиздигине алып келиши мүмкүн.*

**Сел: Сел жүрүү адам укуктарын кантип бузат?**
*Ыктымал жооп: Сел жүрүүлөр адамдардын өмүрүн алып, үй-жайларын кыйратуу менен жашоого жана коопсуз турак-жайга болгон укукка таасирин тийгизет.*

**Суу ташкындары: Суу ташкындары адам укуктарына кандай таасир этет?**
*Ыктымал жооп: Суу ташкындары бакчаларды жана айыл-чарба жерлерин булгап, топуракта туз көбөйүп, азык-түлүк өстүрүүгө таасирин тийгизет. Бул жашоо-тиричиликти үзгүлтүккө учуратып, тамак-ашка болгон укукту бузушу мүмкүн.*

**Топурак эрозиясы жана деградациясы: Топурак эрозиясы жана деградациясы адам укуктарына кандай таасир этет?**
*Ыктымал жооп: Топурак эрозиясы жана деградациясы азык-түлүк коопсуздугуна, айыл-чарбасына жана чакан фермерлердин жашоо-тиричилигине коркунуч келтирип, азык-түлүк жана эмгек укуктарына таасир этиши мүмкүн.*

**Топурак эрозиясы жана деградациясы азык-түлүк коопсуздугуна, айыл-чарбасына жана чакан фермерлердин жашоо-тиричилигине коркунуч келтирип, азык-түлүк жана эмгек укуктарына таасир этиши мүмкүн?**
*Ыктымал жооп: Ысык толкундар ден-соолукка жана жашоо укугуна таасирин тийгизип, саламатыкты бузуп, ал тургай өлүмгө алып келиши мүмкүн.*

**Катуу бороон-чапкындар: Катуу бороон-чапкындар адам укуктарына кандай таасир этет?**
*Ыктымал жооп: Бул көптөгөн укуктарга, анын ичинде жашоого, турак-жайга жана ден-соолук укугуна таасирин тийгизип, адамдардын өлүмүнө, жер которууга жана жамааттардын кыйроосуна алып келиши мүмкүн.*

**Адамдардын жер которуусу (“климаттык качкындар”): Климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу адамдардын жер которуусу адам укуктарын кантип бузат?**
*Ыктымал жооп: Жер которуу бир катар укуктарга, анын ичинде коопсуз турак -жайга, жумушка жана ден-соолукка болгон укуктарга таасирин тийгизет. Климаттык өзгөрүүлөрдөн улам түпкүлүктүү элдер ата-бабаларынан калган жерлерди таштап кетүүгө аргасыз болушса, алардын маданияты, жашоо образы жана өз тагдырын өзү аныктоо укуктары бузулушу мүмкүн.*

## 2. ЧАГЫЛДЫРУУ: МЕН ЖАМААТЫМДЫ СҮРӨТТӨЙМ

10 МҮНӨТ

Катышуучуларды көздөрүн жумуп, үйлөрүн, жамааттарын жана аларды курчап турган айлана-чөйрөнүн кооздугун элестетүүгө чакырыңыз. Андан соң климаттык көйгөйлөрдүн айынан үйлөрү жана айлана чөйрөлөрү кандай өзгөрүшү мүмкүн экенин жана аларды коргоп, сактоо үчүн кандай салым кошо аларын ойлонуп көрүүнү сураныңыз.

Катышуучуларга кагаз жана түстүү карандаштарды таратып бериңиз. Алардан үйүн же жашаган жерин кагазга сүрөттөп, тартып берүүнү сураныңыз. Ошондой эле климаттык өзгөрүүлөрдүн ыктымал таасирлерин (мисалы, аба ырайынын алмашуусу, ландшафттардын өзгөрүшү) көрсөткөн элементтерди кошуп тартууга үндөңүз. Бирок катышуучулардын туруктуулуктун, адаптациянын жана позитивдүү трансформациянын символдорун колдонууга көбүрөөк басым жасаңыз.

Катышуучулар сүрөт тартып жаткан учурда “климаттык адилеттүүлүк” жөнүндө түшүндүрмө бериңиз. Климаттык адилеттүүлүк катышуучулардын жашоосунда же коомунда кандай болушу мүмкүн? Кимге таасир этет жана кандай түрдө? Мисалы, мектепке же жумушка баруу, керектөөчү жана жууну үчүн таза сууга жетүү ж.б.у.с. Азыр ким көбүрөөк коркунучта? Мисалы, майыптар, карылар, аялдар жана балдар.

> Климаттык адилеттүүлүк - бул эмиссияларды кыскартуу жана физикалык чөйрөнү жакшыртуу менен гана чектелбейт. Бул климаттык кризистин түпкү себептерин, анын таасирлерин жана климаттык өзгөрүүнүн өлкөлөр ортосундагы жана ичиндеги теңсиздикти кантип көбөйтүп жатканын моюнга алуу экенин билдирет. Климаттык адилеттүүлүк – бул климаттык кризистен эң көп жабыр тарткан топтордун жана жамааттардын перспективаларынын, түшүнүктөрүнүн жана талаптарынын көңүл борборунда климаттык чара көрүүлөрдү баштоодон тартып, ушундай дисбаланстарды жана адилетсиздиктерди оңдоого багытталган мамиле болуп саналат. Бул климаттык өзгөрүүнүн таасирлерин жана чечимдерин адилеттүү түрдө калыстык менен бөлүштүрүүнү камсыздайт. Мисалы, көйгөйгө эң аз салым кошконуна карабастан климаттык өзгөрүүдөн эң көп жабыр тарткан өлкөлөргө жана коомчулуктарга финансылык жана технологиялык жардамдарды көрсөтүү аркылуу.

Бир нече ыктыярчыларды тарткан сүрөттөрү менен бөлүшүп, алардын үй-жайы же коомчулугу климаттык өзгөрүүгө кантип активдүү ыңгайлашып, кыйынчылыктарды кандайча жеңип чыгат деген ойлорун билдирүүгө чакырыңыз.

20 МҮНӨТ

## 3. МЕНИН АРАЛЫМ – МЕНИН ҮЙҮМ: ПАБАЙ ЖАНА ПАУЛ АГАЛАРДЫН ОКУЯСЫ

Дүйнө жүзү боюнча адамдар өз жамааттарын климаттык өзгөрүүнүн таасиринен коргоо үчүн тынымсыз иш-аракеттерди жүргүзүп жаткандарын түшүндүрүп бериңиз. Мунун алкагында Австралияга тиешелүү бир кейсти карай тургаңыңыздарды, анда эки жамаат лидери Австралия өкмөтүн климаттык өзгөрүүгө тийиштүү чара көрбөй, алардын аралдарын жана маданиятын коргой албаганы үчүн сотко берип жатканын айтып өтүңүз.


Пабай жана Поул агалардын (15-бет) жана Австралиянын Түпкүлүктүү Элдери тууралуу маалыматтарды иш-чаранын катышуучулары менен бөлүшүңүз. (13-14-беттер). Аларга маалыматтарды окуп чыгуу үчүн бир нече мүнөт убакыт бериңиз.

Төмөнкү суроолорго жооп алуу менен алардын ойлорун угуңуз.

- **Пабай жана Поул агалар тууралуу уккандан кийин кандай сезимдер пайда болду?**
- **Пабай жана Поул агалар Австралиянын Түпкүлүктүү элдеринин лидерлери. Климаттын өзгөрүшү жана адам укуктарын талкуулоодо бул кандай мааниге ээ?**
- **Пабай жана Поул агалар “эгер биз жеңишке жетсек, өзүбүздүн гана жамааттарды коргобостон, бардыгынын коопсуздугуна кам көргөн болобуз” дешти. Сиздин оюңуз боюнча, алар муну менен эмнени айтты?**
- **Пабай жана Поул агалардын күрөшүнүн бизге жана башка бардык элдерге кандай тиешеси бар?**
- **Бул окуяда сизге үмүт берген нерсе?**

Климаттын өзгөрүшү глобалдуу көрүнүш болгону менен, анын таасири барына бирдей эмес болуп жатканын түшүндүрүү менен көңүгүүнү жыйынтыктаңыз. Алгачкы улуттар менен түпкүлүктүү элдер климаттык кризистен пропорционалдуу эмес түрдө жабыркап, ата-бабаларынан калган жерлерин жана маданий идентүүлүгүн жоготуп алуу коркунучу алдында турушат. Алар ошондой эле казылып алынуучу отун долбоорлоруна каршы күрөштү жетектеп, дүйнө жүзүндөгү бардык өкмөттөрдөн катуу чараларды көрүүнү талап кылышууда. Бириккен Улуттар Уюмунун “Түпкүлүктүү элдердин укуктары боюнча декларациясында” түпкүлүктүү элдердин маданияттарынын бузулушуна дуушар болбоо, каада- салттарынан жана үрп-адаттарынан ырахат алуу жана мекени менен өзгөчө рухий мамилесин сактоо укуктары таанылат. Климаттык өзгөрүүнүн таасирлери, анын ичинде аба ырайынын катаал шарттарынан улам суу астында калуу жана ыйык маданий жайларды жоготуу, ыкчам күчөгөн тропикалык бороон-чапкындар жана деңиз деңгээлинин көтөрүлүшү бул укуктарга олуттуу коркунуч туудурат. Ошондуктан климаттык адилеттүүлүк менен адам укуктары жана Алгачкы улуттар менен Түпкүлүктүү элдердин ортосундагы байланышка өзгөчө көңүл буруу абдан маанилүү.

Кошумча: жетиштүү убакыт болсо, Пабай жана Поул агалардын жашаган жерин төмөндөгү географиялык картадан жана 11-беттеги сүрөттөрдөн кандай экенин көрсөтсөңүз болот.



КАТ ЖӨНӨТҮП ӨЗГӨРТҮҮ
КИРГИЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

## 4. АРАКЕТ КӨРҮҮ

10 МҮНӨТ

Amnesty International уюмунун ”Каттар марафону” өнөктүгү жөнүндө айтып бериңиз. Уюм адамдарды Пабай жана Поул агалар менен тилектештикке үндөп, алар туш болгон климаттык кырдаалга чукул чара көрүүнү талап кылып жатканын билдириңиз. Жазылган каттардын жана башка аракеттердин кандай ийгиликтерди жаратканын көрсөткөн былтыркы өнөктүктөн мисалдарды келтирсеңиз болот (3-бет). Мисал катары “Каттар марафону-2019”; өнөктүгү алкагында жасалган иш-аракеттердин артынан өлүм жазасынан бошотулган Моисей Акатугбанын бир мүнөттүк видеосун көрсөтө аласыз: Каттар марафону 2019: youtu.be/8cU6EPY5r_c (англис тилинде).

Эгерде катышуучуларга берилген убакыттын ичинде кандайдыр бир аракет көрүүгө убакыт жетпесе, аны кийинчерээк кантип ишке ашырууну уюштурууга колдоо көрсөтүңүз же ал аракеттерди топторго бөлүштүрүп бериңиз. Катышуучуларды креативдүү болууга шыктандырыңыз.

Катышуучуларга Пабай жана Поул агалардын видеосун бул шилтеме аркылуу көрсөтө аласыз: www.amnesty.org/w4r-videos (англис тилинде).

### КАТ ЖАЗУУ

Катышуучуларды оң жактагы байланыш даректерин колдонуп, Австралиянын премьер-министрине кат жазууга чакырыңыз.

- Премьер-министрге бул каттын жеке өзгөчөлүгүн белгилөө үчүн өзүңүз жөнүндө бир нерсе айтыңыздар.
- Пабай жана Поул агалардын окуясында сизди эмне таң калтырганын билдириңиздер.
- Эмне үчүн өкмөттөр адам укуктарына адекваттуу жана шайкеш келген климаттык чараларды көрүшү маанилүү деп ойлой турганыңыздарды айтыңыздар.
- Өкмөт башчыга эң мыкты илимий изилдөөлөрдүн негизинде глобалдык жылуулукту 1,5°Сге чейин чектөө боюнча эл аралык милдеттенмеге ылайык, парник газдарынын эмиссиясын тез кыскартуу аркылуу Торрес кысыгындагы Түпкүлүктүү элдердин укуктарын корголушу керектигин айтыңыздар.

**Prime Minister of Australia**
PO box 6022
House of Representatives
Parliament House
Canberra ACT 2600
Australia

КАЙРЫЛУУ: Урматтуу Премьер -министр

Электрондук дареги:
pm.gov.au/contact
Facebook: facebook.com/AlboMP
Twitter / X: @AlboMP
Instagram: @albomp

Hashtags: #PabaiVCmth #W4R23

### ТИЛЕКТЕШТИК КӨРСӨТҮҮ

Пабай менен Поул агаларга ишеним артканыңыздарды көрсөтүңүздөр. Аларга тилектештик билдирип, Торрес кысыгынын элдеринин аралдардагы үйлөрүн коргоодогу күрөшүндө алар менен бирге экениңиздерди көрсөтүп, үмүт жолдоңуздар. Каттарыңыздарды оң жактагы дарекке жөнөтүңүздөр. Аты-жөнүңүздү, кайдан болоруңузду, эмне үчүн бул жагдай сизди кызыктырганын жана кандай климаттык кырдаалдар сизди тынчсыздандырары жөнүндө бир аз айтып бериңиз. Пабай жана Поул агалар дүйнөнүн булуң-бурчунан келген каттарды алууда абдан толкунданышат.

Кээ бир креативдүү сунуштар:

- Катыңызга мурунку көнүгүүлөрдө тарткан сүрөттөрүңүздөрдү кошуңуз.
- Пабай менен Поул агалардын тотемдери крокодил, ит жана ям жалбырактары, бул дагы тынчтыктын символу. Бул символдорду сүрөткө тартып, ар түрдүү жакшы чыгармачыл идеяларыңызды колдонуңуз. Суу, толкун, арал жана каноэ сыяктуу башка символдор да бар. Ал эми Торрес кысыгына тиешелүү түстөр болсо көк, жашыл, ак жана кара.

Пабай жана Поул агалар англисче жана жергиликтүү бойгу жана сайбай аралдарынын түпкүлүктүү элдеринин Калау Кавау Я тилдеринде сүйлөшөт. Төмөнкү фразаларды колдоно аласыздар:

**Mura kalmel sipa** (жергиликтүү тил: Kalaw Kawaw Ya) **Together we unite** (англисче)

**Uncle Pabai and Uncle Paul**
c/o Amnesty International Australia
Locked bag 23
Broadway, NSW, 2007
Australia

КАТ ЖӨНӨТҮП ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗ

AMNESTY INTERNATIONAL



© Talei Elu



© Pabai Pabai



© Talei Elu



© Talei Elu

Жогоруда: *Пабай аганын суу баскан бакчасы, Бойгу аралы.*

Сол жакта жогорудан ылдыйга карай: *өйдөдөн Бойгу аралы; Бойгу аралында жолдорду суу каптап, жаракалар пайда болгон.*

*Поул жаратылыштагы өзгөрүүлөр жамааттын жашоо образына кандай коркунуч келтирерин сүрөттөйт:*

*“Аба ырайынын шарттары өзгөрдү, мезгил алмашты.... Жер калбай калды.... Суу каптоодон улам биздин көрүстөндөр, үй-жайыбыз, бакчаларыбыз, жана жерлерибиз коркунучка кептелди. Мындай көрүнүштөр азыртан эле башталды”.*

КОЛДОНМО

# СҮРӨТҮ БАР ОЮН КАРТАЛАРЫ

МӨҢГҮЛӨРДҮН ЭРИШИ

ДЕҢИЗ ДЕҢГЭЭЛИНИН КӨТӨРҮЛҮШҮ

ТОКОЙ ӨРТТӨРҮ

КУРГАКЧЫЛЫК

СЕЛДЕР

ЫСЫК ТОЛКУНДАР

КАТУУ БОРООН ЧАПКЫНДАР

АДАМДАРДЫН ЖЕР КОТОРУУСУ («КЛИМАТТЫК КАЧКЫНДАР»)

СУУ ТАШКЫНДАРЫ

ТОПУРАК ЭРОЗИЯСЫ ЖАНА ДЕГРАДАЦИЯСЫ

КАТ ЖӨНӨТҮП ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

## КОЛДОНМО

# АВСТРАЛИЯНЫН ТҮПКҮЛҮКТҮҮ ЭЛДЕРИ

Пабай жана Поул Кабай агалар Австралиядагы алгачкы улуттардын (түпкүлүктүү элдердин) адамдары жана Торрес кысыгындагы Бойгу жана Сайбай аралдарынын салттуу ээлери. Бул аралдар Австралиянын эң түндүк бөлүгүн түзөт жана Папуа-Жаңы Гвинеянын түштүк жээгинен 4 км алыстыкта жайгашкан. Агалар тууган-уруктары жана үй-бүлөлөрү менен миңдеген жылдар бою бул аралдарда бакубат жашоодо жашап келишкен. Бирок азыр аларда бардыгын жоготуп алуу коркунучу бар. Алар байырлаган эки арал тең кичинекей жана жапыз болгондуктан климаттык өзгөрүүнүн зыяндуу таасирине өзгөчө дуушар болууда.

Деңиз деңгээлинин көтөрүлүшү, температуранын жогорулашы жана биотүрдүүлүктүн жоголушу азыркы учурда жамааттардын таза айлана-чөйрөгө, өз тагдырын өзү аныктоого, маданиятка, ден-соолукка, баш калкалоочу жайга, тамак-ашка жана сууга болгон укуктарынан пайдаланууга тоскоол болууда. Жакынкы келечекте климаттын өзгөрүшү Торрес кысыгынын аралдарынын элдеринин татыктуу жашоо укугуна чоң коркунуч жаратат.

Пабай жана Паул агалардын жана алардын жамааттарынын оор абалы Австралиядагы көптөгөн Алгачкы улуттардын жамааттары жана дүйнө жүзү боюнча Түпкүлүктүү элдер туш болгон кырдаалдын символу болуп саналат. Пабай жана Поул агалар Тынч океандагы Түпкүлүктүү элдердин лидерлери жана активисттери менен катарлаш туруп, өз укуктарын жана жамааттарын коргоо үчүн бирге күрөшүп жатышат.



*Пабай жана Поул агалар 2022-жылдын ноябрында Египетте өткөн Климаттын өзгөрүшү боюнча 27 -Дүйнөлүк конференциясында (COP27).*

© Bianka Csenki

# КОЛДОНМО

## КОРГООГО АЛУУ ҮЧҮН КҮРӨШ

Австралия өкмөтү климаттык өзгөрүүгө каршы чукул жана олуттуу чараларды көрбөсө, анда Пабай менен Поул агалар көзү тирүүсүндө балдары жана Торрес кысыгындагы аралдардын көптөгөн жашоочулары менен бирге өз мекендерин таштап кетүүгө аргасыз болушат. Себеби аралдардын көбү жашоого жараксыз болуп баратат.

Жашаган жеринен аргасыздыктан кетүү сөзсүз түрдө алардын мекени менен болгон ымаласын үзүп, миңдеген жылдар бою сакталып келген каада-салттарын жана дүйнөдөгү эң байыркы тирүү маданиятка таандык алака-байланыштарынын жоголуусуна алып келет. Натыйжада, Торрес кысыгындагы аралдардын элдеринин түпкүлүүлүгү жана идентүүлүгү жок болот.

Пабай менен Поул агалар Австралиянын климаттык кризисинин алдыңкы сабында турган Торрес кысыгынын аралдарын мекеним деп атаган миңдеген адамдардын бири. Алар кеч боло электе өздөрүнүн укуктарын жана жамааттарын коргоо үчүн чечкиндүү аракеттерди көрүп жатышат. Аралдар океандын астында калып жок болуп кетсе, келечек муундарга эмне калат жана ата-бабаларынан бери келген миң жылдык маданияттары да биротоло жок болот деп терең тынчсызданышууда.

*“ Миңдеген жылдар бою ата-бабаларыбыздан кийинки муундарга өтүп келген ыйык мурастарыбыз жана каада-салттарды өткөргөн ыйык жайларыбыз жок болуп, мекенибиз менен байланышыбыз үзүлүп калышы мүмкүн. Эгер өкмөт багытын өзгөртпөсө, биздин үйлөрүбүз суу астында калып, биз ким экенибизди, маданиятыбызды жана руханиятыбызды жоготуп алабыз.”*

**Пабай жана Поул агалар**




© Ruby Mitchell / Grata Fund



© Ruby Mitchell / Grata Fund

Жогоруда: *Поул ага колго токулган салттуу килемчени кармап турат.*

Төмөндө: Пабай аганын колунда “бу” деп аталган улуттук буюм, ал Торрес кысыгынын аралдарынын жашоочулары арасында салтанаттуу максаттарда колдонулат.

**Мекен:** Бул термин көбүнчө аборигендер тарабынан алар байырлаган жерлерди, суу жолдорун жана деңиздерди сүрөттөө үчүн колдонулат. Ошондой эле укук, жер, каада-салт, тил, руханий ишеним, маданий практика, материалдык жашоо, үй-бүлө жана өздүгү жөнүндө татаал түшүнүктөрдү камтыйт.

**Түпкүлүктүү элдер: (Алгачкы улуттар)** Австралия 1788-жылы британиялыктар тарабынан басып алынганда, түпкүлүктүү элдер эгемендигинен баш тарткан эмес. Австралияда жүздөгөн түпкүлүктүү элдер бар. Ар биринин өзүнүн аты, тили, маданий жана руханий ишенимдери жана үрп-адаттары бар. Алардын айрымдары бири-биринен айырмаланса, кээ бир Улуттар менен Элдердин ортосунда окшоштуктар болот.

**Салттуу менчик ээлери:** Булар аборигендер жана Торрес кысыгынын аралдарынын тектүү адамдары. Алар аралдардагы жерлер менен руханий же маданий байланыштарда болушат же ошол жерлерге же аймактарга таандык кылгандар. Ошондой эле, салттуу мыйзамдарга жана үрп-адаттарга ылайык алар кургактыкта жана деңизде атайын укуктарга жана кызыкчылыктарга ээлик кылышат. Пабай ага Бойгунун, ал эми Поул ага Сайбайдын салттуу ээлери.

**Ага:** Бул наам Торрес кысыгындагы жана Австралиядагы Түпкүлүктүү элдердин же Биринчи улуттардын жамааттарынын лидерлерине урмат-сыйдан белгиси катары ыйгарылат.

КАТ ЖӨНӨТҮП ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗ

AMNESTY INTERNATIONAL

# ПАБАЙ ЖАНА ПОУЛ АГАЛАРДЫН ОКУЯСЫ

**Австралия**

Пабай жана Поул агалар - Австралиянын түндүк бөлүгүндө орун алган Торрес кысыгында жашаган Гуда Малуилига элинин лидерлери. Алардын ата- бабалары миңдеген жылдар бою ушул аралдарда жашап келген.

Азыр эми климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу муундан муунга өтүп келген алардын жашоо образы, үрп-адаттары, маданий каада-салттары жана руханий байланыштары биротоло бузулушу мүмкүн. Деңиз деңгээлинин көтөрүлүшүнөн селдер жана суу ташкындары пайда болуп, алар пляждарды бузуп, ыйык маданий жайларды жана ата-бабалардын сөөгү жаткан көрүстөндөрдү талкалап, жашылча-жемиш бакчаларын кыйратып, аралдардын инфраструктурасын тобокелге салууда.

Жамаатарында сый-урматтын белгиси катары ”ага” деп аталышкан Пабай менен Поул, аралдардагы жерлерин коргоого мыйзам чегинде чара көрүлүшү үчүн сотко кайрылышкан. Алар Австралиянын өкмөтү климаттык өзгөрүүнүн кесепеттерине каршы жетиштүү чараларды көрбөй жатат, натыйжада алардын мекени жана маданияты жок болуп кетүү коркунучунда деп ырасташат.

Кырдаалга тез арада чара көрүлбөсө, Торрес кысыгындагы аралдардын жашоочуларынын көбү жакында өз жерлерин таштап кетүүгө аргасыз болушат. Анткени көптөгөн аймактар жашоого жараксыз болуп бара жатат. Бул аралдардын элдери үчүн кыйратуучу кесепетке алып келет. Пабай ага: «Биз бул аралдарда төрөлдүк, алар биздин жер энебиз, биздин ким экенибизди тастыктаган өздүгүбүз. Миңдеген жылдар бою биздин эр-азамат үй-бүлөлөр мекенибизди бизден тартып алууга аракет кылгандардын баарына каршы күрөшүп келишкен. Бирок азыр биз климаттын өзгөрүшүнө каршы күрөштө утулуп калышыбыз мүмкүн» деп айтат.”



© Ruby Mitchell / Grata Fund




© Bianka Csenki



© Talei Elu

Жогоруда: *Пабай ага (солдо) жана Поул ага (оңдо).*

Ортодо: *Пабай жана Поул агалар Египетте өткөн Климаттын өзгөрүшү боюнча 27 -Дүйнөлүк конференциясында (COP27), ноябрь 2022-жыл.*

Төмөндө: Пабай жана Поул агалар.

# AMNESTY INTERNATIONAL ТУУРАЛУУ

Amnesty International - 10 миллиондон ашуун адамдан түзүлгөн бирдиктүү кыймыл. Бул ар бир адамда гумандуулукту мобилизациялап, бардыгыбыз укуктарыбыздан тегиз пайдалана ала турган өзгөрүүлөр үчүн өнөктүктөрдү жүргүзөт. Биздин көз караш – бул бийликтегилер убадаларын аткарган, эл аралык мыйзамдарды сыйлаган жана жоопкерчиликтерин сезген дүйнө. Биз качан жана кайсы жерде мыйзам бузуулар болбосун аларды иликтеп, фактыларды ачыкка чыгарабыз. Бийликтегилерди, ошондой эле ишканалар сыяктуу башка таасирдүү топторду колдоо менен алардын берген убадаларын аткарып, эл аралык мыйзамдарды сыйлашына аракет көрөбүз . Биз менен иштешип жаткан адамдардын таасирдүү окуяларын айтып берип, дүйнө жүзү боюнча миллиондогон колдоочуларды өзгөртүү үчүн өнөктүккө жана алдыңкы катардагы активисттерди коргоого мобилизациялайбыз. Биз адамдарга билим берүү жана тренингдер аркылуу өз укуктарын талап кылууларын колдойбуз.

Биздин иштер адамдарды коргойт жана күчтөндүрөт - өлүм жазасын алып салуудан сексуалдык жана репродуктивдик укуктарды өнүктүрүүгө; дискриминацияга каршы күрөшүүдөн качкындардын жана мигранттардын укуктарын коргоого чейин иштерди жүргүзөбүз. Кыйноого алгандарды жоопко тартылуусуна, репрессивдүү мыйзамдарды өзгөртүүгө жана өз оюн айтканы үчүн камалгандарды бошотууга жардам кылабыз. Эркиндигине же кадыр -баркына коркунуч жаралган ар бир адам үчүн аракет көрүп, алардын укуктарынын корголушуна чакырык жасайбыз.

**© Amnesty International 2023**
Башка түрдө белгиленбеген учурдан тышкары, бул документтин мазмуну Creative Commons лицензиясына таандык (атрибуция, коммерциялык эмес, туунду эмес, эл аралык 4.0).
https://creativecommons.org/licenses/by-nc-nd/4.0/legalcode
Көбүрөөк маалымат алуу үчүн: www.amnesty.org веб-сайтыбыздагы уруксааттар барагына кириңиз.
Эгерде колдонулган материал Amnesty International уюмунан бөлөк, башка автордук укуктун ээсине таандык болсо, бул материал Creative Commons лицензиясына кирбейт.

Алгач 2023 – жылы “Amnesty International Ltd” тарабынан жарыяланды
Peter Benenson House,
1 Easton Street
London WC1X 0DW, UK

**Сентябрь 2023**
**Индекс: POL 32/7064/2023 Kyrgyz**
**Оригинал тили: Англисче**

Башка түрдө белгиленбеген учурдан тышкары бардык сүрөттөр © Amnesty International уюмуна таандык.

Мукаба сүрөтү: © Talei Elu

**eurasia.amnesty.org**

**КАТ ЖӨНӨТҮП ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗ**

AMNESTY INTERNATIONAL